УДК: 801.8(575.2)

**Алымкулова Э.А.**
И.Арабаева атындагы КМУнун кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын магистранты
**Алымкулова Э.А.**
Магистрант кафедры кыргызского языка и технологии ее обучения КГУ им. И. Арабаева
**Alymkulova E.A.**
Master student of the Department of the Kyrgyz language and technology of its teaching, KSU named after I. Arabaeva

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ СЫН АТООЧТОР, АНЫН ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ

# ПРИЛАГАТЕЛЬНЫЕ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ, ИСТОРИЯ ЕГО ИЗУЧЕНИЯ

# ADJECTIVES IN THE KYRGYZ LANGUAGE, THE HISTORY OF ITS STUDY

**Аннотация:** Макалада кыргыз тилиндеги сан атоочтор жана алардын изилдениши, анда чыгарылган илимий-теориялык концепциялар, пикирлер анализге алынды.

**Аннотация:** В статье анализируются прилагательные в кыргызском языке и их изучение а так же разработанные в нем научные и теоретические концепции и их мнения.

**Annotation:** The article analyzes adjectives in the Kyrgyz language and their study, scientific and theoretical concepts developed in it and their opinions.

**Негизги сөздөр**: тил илими, лингвистика, жалпы тил илими, кыргыз тили илими, окумуштуулар, илим, илимий-теориялык, илимий эмгек, сан атооч.

**Ключевые слова:** языкознание, лингвистика, общее языкознание, кыргызское языкознание, ученые, наука, научно-теоретическая, научная работа, числа.

**Key words:** linguistics, general linguistics, Kyrgyz linguistics, scientists, science, scientific-theoretical, scientific work, numbers.

Тил илими жалпы тил илиминде “лингвистика” деген термин менен аталат, бул – тил жөнүндөгү илим. Негизги тармактары; фонетика, морфология, синтагматика, синтаксис, лексикология, стилистика, диалектология, текст таануу, лингвопоэтика.


Тил илиминдеги маалыматтар боюнча тил илими биздин замандан бир нече кылым мурда эле Индия менен Грецияда өнүгө баштаган. Индияда көбүнчө морфология менен фонетика бөлүмдөрү иштелип чыккан. Ал эми Россияда тил илими 15-16-кылымдардан баштап өнүккөн, мында орус тилинин грамматикасын М.В. Ломоносов колго алып, ага өзүнүн чон салымын кошкон. Окумуштуунун 1755-жылы «Орус грамматикасы» деген эмгеги жарыкка чыккан. Эмгекте орус адабий тилинин фонетикалык жана морфологиялык нормасы биринчи жолу системалуу сыпатталгандыгын белгилөөгө болот [1. “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы: 6-том, 2014].

Кыргыз тилинде сан атоочтор, алардын түрлөрү тууралуу алгачкы илимий изилдөө жүргүзгөн окумуштуулардын катарына К.Тыныстанов, З. Бектенов, К. Бакеев, Ы. Бактыбаев, У. Асылбековдорду киргизүүгө болот. Алып карай турган болсок: 1. З. Бектенов, К. Бакеев, Ы. Бактыбаевдердин "Морфология" деген эмгеги 1933-жылы жарыкка чыга баштаган. Эмгекте

толук болбосо да маалыматтар берилген же мында сан атоочтордун маанисине карай эсептик, иреттик, жамдоо, чамалама, бөлүм сан деп бешке бөлүштүрүшкөн.

2. Кызыл профессор К.Тыныстановдун 1934-жылы жарыяланган “Кыргыз тилинин морфологиясы” деген эмгегинде агглютинация тилдеринин ички мыйзамченемдерин туура түшүнүп, ушул өзгөчөлүк эске алынып, ошонун негизинде анализ жасаган [2. Тыныстанов: 1934]. 3. У. Асылбековдун педагогикалык окуу жайлары үчүн түзүлгөн морфологиясында сан атоочторду түзүлүшүнө карай жай жана курама сан деп, маанисине карай (эсептик, иреттик, жамдама, чамалама, бөлчөктүк) бешке бөлүштүргөн жана алардын жөндөлүшүнө, жакталышына да көңүл бурган.

Ошентип изилденип олтуруп кыргыз тилиндеги сан атоочтор, алардын түрлөрү улам кийин чыккан окуу китептеринде такталып, толукталып олтуруп азыркы биз окуп жаткан, окутуп жаткан сан атоочтор келип чыккан. Анализге алып көрсөк: алгач сан атоочтордун эсептик, иреттик, жамдоо, чамалама, бөлүм сан деген 5 түрү белгиленип келсе, Д. Исаевдин 1951-жылы чыккан “Кыргыз тилинин грамматикасы” деген эмгегинде сан атоочтор түзүлүшүнө карай:




деп экиге бөлүнгөн, ал эми маанисине карай:




алтыга бөлүштүрүлгөн [3. Исаев: 1951].

Окумуштуулар С. Давлетов, Ж. Мукамбаев, С. Турусбековдордун 1968-жылы чыккан "Кыргыз тилинин грамматикасы" деген (педагогикалык окуу жайларына арналган) эмгекте:





деп бешке бөлүштүрүшкөн. Окумуштуу Д. Исаевдин бөлүштүрүүсүндөгү топ сан булардын эмгегинде көрсөтүлгөн эмес, Эмгекте: "чынында топ сан дегенибиз – эсептик сан атоочтун чыгыш жөндөмөсүндөгү бир формасы гана" - деп, сан атоочтун түрүнө кошушкан эмес [4. С.Давлетов, Ж.Мукамбаев, С.Турусбеков "Кыргыз тилинин грамматикасы". – Фрунзе, 1968].

Жалпы тил илминде бул маселе тууралуу профессор Н.К.Дмитриев да өз учурунда мындай пикирин билдирген: "Бул топтогу сан атоочтор абстрактуу сандарды билдирип, заттарды бир өнчөй топторго бөлүп көрсөтөт. Мындай пикирди Н.П. Дыренкова, А.Н. Кононовдор өз эмгектеринде колдошкон жана ага карата өз пикирлерин мисалдардын негизинде далилдешкен [Н.К. Дмитриев, 1948; Н.П. Дыренкова, 1940; А.Н.Кононов, 1960].

Кыргыз тил илиминде кыргыз тилиндеги сан атоочторду бир илимий иштин же изилдөөнүн объектиси катары изилдеп чыккан окумуштуу – Накин Өмүралиевна Чечейбаева. Окумуштуу бул маселени 1978-жылы изилдеген, мында сан атооч сөздөргө кайсыл топтогулар кирээри, аны кандай суроолордун жардамы менен аныкталаары белгиленип, аны мисалдардын жардамы менен бекемдеп берген жана ошону менен бирге сан атооч сөздөрдүн лексикалык маанилери абстрактуу болорун далилдеп (он, эки беш, үчөө ж.б.), мындай сан атоочтордо конкреттүү маани жок, алар кандайдыр бир нерсенин санын, эсебин, иретин, катарын билдирип турат. Качан гана сан атоочтор өзүлөрү билдирген нерсе менен бирге келип, анын санын, иретин, эсебин ж.б. билдиргенде гана конкреттүүлүккө ээ экендигин белгилеген [5. Чечейбаева: 1969].

Жыйынтыктап айтканда, азыркы кыргыз адабий тилинде сан атоочтор боюнча негизинен жогоруда белгилеп кеткен окумуштуулардын илимий-теориялык коцепцияларынан: сан атоочтун түзүлүшү боюнча:




дегени; ал эми маанилик топтору боюнча:




деген бөлүштүрүүлөрү жана сан атоочту (иреттик, жамдама, чамалама сандар) жасоочу мүчөлөр (-ынчы, -оо, -ча, -дай, -даган) негиз катары алынып [7. Авдувалиев: 1997], алар окулуп, окутулуп келе жатат.

Жалпы жонунун сан атоочтор жөнүндө жогорудагыдай алгылыктуу изилдөөлөр жүргүзүлүп, илимий-теориялык концепциялар иштелип чыкканы менен сан атооч ушул учурга чейин алардын көркөм чыгармадагы лексика-семантикалык, морфологиялык жана синтаксистик жагынан аткарган кызматы бир илимий изилдөөнүн объектиси катары атайын изилдене элек. Бул маселе боюнча кийинки макалаларда кайрылабыз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы: 6-том. – Бишкек, 2014.
2. Тыныстанов К. Кыргыз тилинин морфологиясы. Фрунзе: Кырмам-бас, 1934. (Латын ариби менен).
3. Исаев Д. Кыргыз тилинин грамматикасы. –Фрунзе, 1951.
4. Давлетов С., Мукамбаев Ж., Турусбеков С. Кыргыз тилинин грамматикасы. – Фрунзе, 1968.
5. Чечейбаев Н.Ө. Кыргыз тилиндеги сан атоочтор. – Фурунзе, 1978.
6. Чечейбаева Н.Ө. Сан атооч. Мугалимдер газетасы. 15-июнь, 1969.
7. Авдувалиев И. Азыркы кыргыз тили: морфология. – Бишкек, 1997.

**Рецензент: филол.и.к., доцент Эргешбаева Н.А.**